*Токтомаметов А.Д.*
*Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин алдындагы Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту.*

# «АЛТЫН КАЗЫК» ПРОГРАММАСЫ: 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯСЫ

*Токтомаметов А.Д.*
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве просвещения Кыргызской Республики*

# ПРОГРАММА «АЛТЫН КАЗЫК»: ФИЛОСОФИЯ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

*Toktomametov A.D.*
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Teachers under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# THE ALTYN KAZYK PROGRAM: A PHILOSOPHY OF 12-YEAR EDUCATION

**Аннотация.** Макалада Кыргыз Республикасында билим берүү системасын жаңылоонун негизги багыты катары каралып жаткан 12 жылдык билим берүүгө өтүүнүн теориялык жана практикалык негиздери талданат. Өзгөчө көңүл «Алтын казык» программасынын философиясына, анын билим берүүдөгү жаңы багыттарына жана окуучунун инсандык өнүгүүсүн камсыз кылуудагы ролуна бурулат. Макалада салттуу билим берүүдөн компетенттүүлүккө негизделген окутууга өтүүнүн өзгөчөлүктөрү, билим берүү мазмунунун жаңыланышы, эмоциялык-инсандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн мааниси жана функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу маселелери каралат. Ошондой эле 12 жылдык билим берүү шартында окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган жаңы окуу тапшырмаларынын өзгөчөлүктөрү талдоого алынат. «Алтын казык» программасынын негизги идеялары жалпы билим берүү стандарттары жана PISA эл аралык изилдөөсүнүн талаптары менен байланышта каралып, окуу китептеринен жана окуу материалдарынан конкреттүү мисалдар аркылуу түшүндүрүлөт. Изилдөөдө 12 жылдык билим берүүнүн окуучуну өзгөрмөлүү дүйнөдө жашоого даярдоодогу мааниси жана анын билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы орду белгиленет.
***Түйүндүү сөздөр:*** *12 жылдык билим берүү, «Алтын казык» программасы, билим берүү философиясы, баалуулуктар, компетенттүүлүккө негизделген окутуу, эмоциялык-инсандык компетенттүүлүк, функционалдык сабаттуулук, билим берүү стандарттары, PISA, окуу тапшырмалары.*
**Аннотация.** В статье анализируются теоретические и практические основы перехода системы образования Кыргызской Республики на 12-летнее обучение как одного из ключевых направлений модернизации образования. Особое внимание уделяется философии программы «Алтын казык», ее ценностным ориентирам и роли в обеспечении личностного развития учащихся. Рассматриваются особенности перехода от традиционной модели обучения к компетентностному подходу, обновление содержания образования, значение формирования эмоционально-личностной компетентности и функциональной грамотности обучающихся. Анализируются новые типы учебных заданий, направленные на развитие критического мышления, творческих способностей и социальных навыков школьников. Основные идеи программы «Алтын казык» раскрываются в контексте государственных образовательных стандартов и требований международного исследования PISA. Для подтверждения рассматриваемых положений приводятся конкретные примеры из учебников и учебно-методических материалов. Подчеркивается значение 12-летнего образования в подготовке учащихся к жизни в условиях быстро меняющегося мира и в повышении качества образования.
***Ключевые слова:*** *12-летнее образование, программа «Алтын казык», философия образования, ценности, компетентностный подход, эмоционально-личностная компетентность, функциональная грамотность, образовательные стандарты, PISA, учебные задания.*
**Abstract.** This article examines the theoretical and practical foundations of the transition to a 12-year education system in the Kyrgyz Republic as a key direction of educational reform and modernization. Particular attention is paid to the philosophy of the *Altyn Kazyk* Program, its value-based orientation, and its role in supporting the holistic development of learners. The article discusses the shift from traditional knowledge-based instruction to a competency-based approach, the renewal of educational content, and the importance of developing emotional-personal competencies and functional literacy. Special emphasis is placed on innovative learning tasks designed to foster critical thinking, creativity, problem-solving abilities, and social skills among students. The core principles of the *Altyn Kazyk* Program are analyzed in relation to national educational standards and the requirements of the international PISA assessment framework. Specific examples from textbooks and instructional materials are provided to illustrate the implementation of these principles in educational practice. The study highlights the significance of the 12-year education model in preparing students for the challenges of a rapidly changing world and in improving the overall quality and effectiveness of education.
***Keywords:*** *12-year education, Altyn Kazyk Program, philosophy of education, values, competency-based education, emotional-personal competence, functional literacy, educational standards, PISA, learning tasks.*

**Өзгөрүү канчалык зарыл эле?** Билим берүүдөгү өзгөрүүлөр, 12 жылдык билим берүүгө өтүү боюнча коомдо пикир ар түрдүү. Бир тобу жөн гана каршы чыкса, дагы бирөөлөр жакшылап даярданып, анан өтүү керек эле дешет. 2025-жылдын башында мугалимдерден сурамжылоо жүргүзгөн учурда, 12 жылдык билим берүүгө өтүүнү мугалимдердин 83% “зарылдык” десе, 2,7% “модага айланды”, 16,8% “шоу болуп жатат” деп белгилешкен.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Билим берүүнү жаңылоо, өзгөртүү жаатында түздөн-түз иштеп келген эксперттердин көбү тез арада өтүү керек деген тыянакка келишти. Анткени буга чейин да мамлекеттик деңгээлде эки жолу өтөбүз деген чечим кабыл алынып, “жакшылап даярдана албай”, алар аткарылбай кала берген. Ал эми билим берүүнүн учурдагы абалына сереп салып көрсөк, бала бакча менен камсыздоо бир кезде 7% чейин түшүп, адис даярдоо таптакыр токтогон абалды да башыбыздан өткөрдүк. Бала бакчалардын имараттарын салык, социалдык коргоо, милиция сыяктуу органдарга таркаттык. Эки имарат мечитке кетти.

Акырындык менен абал аз-аздан өзгөрүп, 2024-жылы бала бакча менен камсыздоо 24% жетти. 2025-жылдын аягы, 2026-жылдын башы менен КР Агартуу министрлиги берген маалыматка ылайык 50% чыгып калдык. Албетте, бул да жетишсиз. Бала бакчаны кичинекей наристени социалдаштырып, ар тараптуу өнүктүрө турган уюм катары карай турган болсок, ар бир экинчи бала эмне үчүн мындан куру калышы керек? Мектепке келе турган болсок, бүтүрүүчүлөрдүн бир тобу келечекте ким болорун так билишпейт. Анда эмне үчүн 11 жыл окуду деген суроо жаралат.

Колледж, жогорку окуу жайларынын басымдуу көпчүлүк бүтүрүүчүлөрү эл аралык эмес, ички ата мекендик атаандаштыкка жарамсыз болууда. Ушундай абалда мурдагыдай билим бере берүүгө, албетте, болбойт эле. Жакшылап даярданып дегендерге айта турган жооп, эки жолу мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алынып, эки жолу тең жакшылап даярдана албай, өтпөй кала бердик. Ошондуктан бачым өтүү чечими кабыл алынган эле. Же бул жолу чечкиндүүлүк менен өтмөкпүз, же мурдагыдай эле түрдүү шылтоону айтып кала бермекпиз.

2025-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде өткөн иш-чарада 2024-жылы “Мыкты мугалим” сынагында гран-прини жеңип алган Назгүл Каныбек кызы “Эмне үчүн 12 жылдык билим берүүгө өтүп жатабыз, мурдагы система эле жакшы болчу, ошону менен эле иштей берсек болбойт беле?” деген суроого мындай деп жооп берген эле: “Мен үйдө эң кичинекейи болуп, атамды ээрчип көп жүрдүм. Атам уста эле. Мык каккан тактлары жарылып кеткен учурлар болот, мыгы кыйшайып калат, бир жоон жыгачты кол ара менен аралап бүтүрүү аябай эле оор болчу. Колун чаап алган учурлар да болчу, атамды кээде аяп кетчүмүн. Менин чоң агам да уста болуп калды. Анын ишин карасам таптакыр башка. Керек болсо, отверткаңы да кармабайт, “дыр-р” эттирип эле дрель менен бурап коет, жыгачты таарыган опоңой, курулуш материалдарынын түрүнүн көптүгүн, даярын айтпай эле коеюн.  Эгерде азыр кимдир-бирөө агама келип, 30 жыл мурда атаң башкача иштөчү, сен деле ошондой иштебейт белең десе, келесоо го деп жини келип, балка менен башка чаап жибериши мүмкүн. Ал болгону үй салат, үйдү ремонт кылат. Курулуш иштери менен алек болгон адам 30 жыл мурдагыдай иштегиси келбесе, бала менен, анын келечегин калыптандыруу менен алектенген мугалим 30 жыл мурдагыдай кантип иштей берет?!.” – дегенде эч ким кайра сөз кайтара албады.

**Эмне кантип өзгөрүүдө?** 2025-2026-окуу жылынан баштап иш жүзүндө 12 жылдык билим берүүгө өттүк. 1-2-класстарда, 5-, 7-класстарда математика, табият таануу предметтери, 3-9-класстарда англис тил предмети 12 жылдык билим берүү системасы боюнча окутула баштады. Сингапурдун окуу китептери которулуп, адаптацияланып, кечигүү менен болсо да басылып чыкты. Алардын электрондук варианттары жалпыга жеткиликтүү болду.

Билим берүүнү өзгөртүү үчүн Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты синхрондук түрдө иштелип, аларга ылайыкталып предметтик стандарттар, окуу программалар, календардык-тематикалык пландар иштелип чыкты, окуу-усулдук комплекстер басылды.

Мугалимдерди окутуу 2024-жылы эле башталган болчу. 2024-жылы август айында эл аралык тренерлер 88 мастер-тренерди даярдап, алар республика боюнча математика жана илим деген эки багытта окуу жылы ичинде 15 880 мугалимди окутту. Бул окуулар 2025-жылы да уланып, август айында 485 мастер-тренер даярдалып, 12 жылдык билим берүүгө өтүп жаткан класстардагы жогоруда көрсөтүлгөн окуу предметтер боюнча 30 миңге жакын мугалим алгач офлайн, андан кийин онлайн форматта окуулардан өтүштү. Аларды методикалык коштоо жыл бою улантылды.

Мамлекеттик жана предметтик стандарттар, окуу программалар жаңылангандыктан, 12 жылдык билим берүүгө өтпөгөн класстардын мугалимдери да жыл ичинде жаңыланган окуу программалары, модулдар менен кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарынан өтүштү.

**Деги 12 жылдык билим берүүнүн философиясы эмнеде?** Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандартында да, Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартында да негизинен 3 чоң өзгөрүү болду:

1. Мамлекеттик стандарттардын өзөгүн баалуулуктар түздү;
2. Негизги эмоциялык-инсандык компетенттүүлүк кирди;
3. Негизги таанып билүү компетенттүүлүгү таанып билүү-ишмердик компетенттүүлүгү болуп өзгөрдү. Бул өзгөрүүлөр, албетте, кошумча иш-аракеттерди талап кылат.

“Биринчиден, билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжалардын борборунда жана алардын жалпы жыйынтыгында негизги баалуулуктар менен окуучунун инсан катары калыптанышы белгиленгенине байланыштуу мектеп бүтүрүүчүсүнө расмий мүнөздөмө берүү зарыл деп эсептейбиз”, - дейт п.и.д., профессор Абакир Мамытов [1, 36-б.].

Учурда Республикалык институтта “Баалуулуктарга негизделген билим берүү”, “Эмоциялык-инсандык компетенттүүлүк” деген курстар бар. Таанып билүү ишмердик аркылуу ишке ашары тууралуу азыркы мезгилде иш жүрүүдө. Учурунда п.и.к. Нуржамал Ибраева ушул жаатта чоң иштерди аткарды. Исак Бекбоев менен биргелешип чыгарган башталгыч класстардын математика окуу китептерин мезгилинде жакшы түшүнө албай келсек, Сингапур китептерин которуп, адаптация кылып, окута баштагандан кийин ал китептердин чыныгы баасы көрүнө баштады. Анткени бул окуу китептер үндөшүп турат.

**Эмне үчүн баалуулуктарга мынчалык көңүл буруп калдык?** Бир кезде Батыш - технологияга, Азия - баалуулуктарга басым жасады. Технологиянын арты менен Батыш, Америка аябай өнүгүп, дүйнө жүзүндөгү элдин 60% Азияда жашагандыгына карабастан, дүйнөлүк байлыктын 60% өзүнө тартып кетти. Экономикалык жактан абдан өнүктү. Мезгилдин өтүшү менен Азия технология жаатында Батышты кууп жетип, айрым багыттар боюнча озуп да кетти. Ал эми Батыш баалуулуктар жаатында көйгөйгө кабылууда.

“Батыш баалуулуктардын өзгөчө маанилүү экенин кийинчерээк сезип, аны сактоого аракет жасоодо. Бирок жоготуп алган нерсени калыбына келтирүүгө мүмкүн болобу, айтуу кыйын” [2, 95-б.].

“Кыргызстанда бир учурда кылымдарды карыткан баалуулуктарыбыз алсызданып, анын ордун башка түшүнүктөр басып кетти [3]. Кийинки кезде бул багытта алгылыктуу иштер жүрүп жатат. “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” концепциясы [4], “Кыргыз жараны концепциясы” [5] кабыл алынды, Улуттук нарк жөнүндө улуттук программа [6], жогорудагы документтердеги жалпы идеяны бириктирген “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” үнгужолу кабыл алынды” [7]. Демек, Кыргызстанда алысты болжогон аракеттер жасалып жатканын баса белгилеп кетсек болот.

Коомчулукта негизинен 12 жылдык билим берүүнүн формасына гана көп көңүл бурулуп калгандай. Эмне үчүн 12 жыл окуйт? Канча жашында мектепти бүтөт? Канча жашынан баштап окуй баштайт ж.б.

Он эки жылдык билим берүүнүн 2 негизги өзгөчөлүгүн баса белгилеп көрсөтсөк болот:

1) Алып жаткан билим жашоо менен тыгыз байланышта болуп, баланын жашап кетүүсүнө жардам берет. Кошумча кесиптик билим алууну ушуга кошсок болот;
2) Билим берүү процессиндеги субъекттердин (бала, мугалим ж.б.) эмоционалдык абалы, инсандык сапаттарынын калыптанышы негизги орунда турат.

12 жылдык билим берүүнүн негизги философиясы да ушунда деп билсек болот. Ал эми чет мамлекеттерде документтин таанылгандыгын кошумча артыкчылык катары көрсөтсөк болот. Кыргызстан PISA эл аралык баалоосуна мурда 2 жолу катышып, 2026-жылы 57 мамлекеттин 57-си, 2009-жылы 65 мамлекеттин 65-си болуп калды. Ошол боюнча катышууну токтотуп коюп, 2025-жылы кайра катыштык. Жыйынтык бир жылда чыгат, абдан тыкыр анализ болот.

Учурунда PISA эмне экенин билели деп, интернеттен маалыматтарды алып, чыккан макалаларды, китептерди окудук. Бирок толук кандуу түшүнүү кыйын болду. Ошондо Кыргыз билим берүү академиясында жүргөндө да, Республикалык институтта да сайттардан тапшырмаларды алып, окуучунун ролунда өзүбүз ошол тапшырмаларды аткарып көргөндө, жакшыраак түшүндүк десек болот.

PISAга окшош тапшырмалар азыр сайттарда абдан эле көп. Билим берүүнүн сапатын өркүндөтүү департаментинин сайтында да мындай тапшырмалар бар. PISA эл аралык изилдөөсү штаб-

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5


квартирасы Парижде жайгашкан Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү (ЭКжӨ, орусчасы ОЭСР) уюмуна тиешелүү. Бул уюмдун сайтына кирип, мурдагы тапшырмаларды колдонууга болот. Кийинки тапшырмалар ачылбайт, мурдагылары ачыла берет. Сайттын өзүнөн эле тапшырмаларды которуп алууга болот. Биз ошентип иштеп жүрдүк.

Тапшырмаларды аткарып жатканда, эки негизги өзгөчөлүктү байкоого болот:

1) Биз алган билимде кандай кемчиликтер бар экенин, кантип өзгөрүү керектигин так биле алабыз;

2) Текст менен иштөөдө чоң көйгөйлөр бар экендиги көрүнөт. Айрыкча кыргыз тилдүү мектептердин мугалимдери ушул жаатта көп кемчиликтерге жол берет экенбиз.

Тапшырмаларды аткарып жатканда, мындай текст болду:

“Бирөөнүн тоогу ооруп калат. Ага башкалар тооктун кантип ооруп жаткан симптомдору менен соцтармактарга жазсаң, эмне кылышты элдер айтып берет деп сунуш беришет. Соцтармакта бири: “Тоок баккан тааныштарга барып суроо керек”, - десе, экинчиси: “Мен Федор деген ветврач болом, тажрыйбам көп, буга аптекадан ушундай уколду алып келип, тоокту таразага тартып, ар бир килограммына 5 граммдан укол берсеңер, айыгып кетет”, - дейт. Дагы бири: “Эч кимге ишенбей эле тоокту алып, жакынкы ветврачка барып көрсөтүп, ветврач эмне десе, ошону аткаруу керек”, - дейт.

Тапшырманы аткарып жатканда, мен Федорду тандадым. Анткени ал тажрыйбалуу ветврач, тооктун оорусун аныктады, кандай дарылоо керектигин так билет. Мага система 1 балл берди. Туура жоопко негизи 2 балл берилет. Мен таң калдым. Эмне менин жообум туура эмеспи? Көрсө туура эле экен. Бирок экинчи да туура жооп бар экен. Ошондо менин ой жүгүртүүмдө маселе бар экендигин сездим. Эмне үчүн башка туура жоопторду издеген жокмун. Биз бир туура жоопту көрсөк, андан ары жылбайт, издебейт экенбиз да. Бул биз окуган системанын кемчилиги эмеспи?!. Тапшырмалардын баары ушундай эле да.

Ошондо эмне үчүн отличниктер турмушта көп учурда ийгиликтүү болбой турганынын себебин түшүнгөндөй болдум. Анткени отличниктин башында дайыма бир гана вариант болот. Ал эми начарыраак окуган баланын башында дайыма көп вариант. Мугалим класска кирип келе жатканда эле, анын башында көптөгөн варианттар жаралат. Анткени көп учурда тапшырманы аткарбай келет эмеспи. PISA эл аралык баалоосунун тапшырмалары көп вариант менен чечкенге үйрөтөт. Чынында да турмушта кандай гана маселе болбосун, аны аткаруунун канчалаган варианттары болот.

Жогорку тапшырмада экинчи туура жооп: “Эч кимге ишенбей эле тоокту алып, жакынкы ветврачка барып көрсөтүп, ветврач эмне десе, ошону аткаруу керек” деген жооп экен. Мен муну да белгилегенде, мага дагы бир балл бермек экен. Чынында мунун эмнеси туура эмес? Дагы бир текст:

“Мурда келгин куштар жалгыздан учканда, аларга кол салуу көп болгон, кийин чогуу учуп калганда, кол салуу дээрлик токтогон. Келгин куштар кээде түнү да уча берет. Келгин куштар өтө бийик учканда алардын кайсы куштар экендигин так аныктоо кыйынчылык жаратат. Келгин куштарга ыктыярчылар (волонтерлер) да, окумуштуулар да байкоо жүргүзүшөт”.

*Суроо*: Эмне үчүн ыктыярчылардын байкоо жүргүзүүсү ката болуп калышы мүмкүн? Бул тапшырманы мугалимдерге бергенде, эң көп жооп мындай болду: Окумуштуулардын изилдөөлөрү так болот, анткени алар куштардын бутуна шакекчелерди кийгизип байкоо жүргүзүшөт, изилдешет.

Система буга нөл балл берет. Эмне үчүн? Анткени суроого кайра кайрылып көрөлү. Анда окумуштуулар тууралуу сурап жатабы? Демек, так суроого так жооп берүү зарыл. Анан да жооп тексттен алынышы керек.

**Туура жооптор:** Келгин куштар кээде түнү да уча берет (1 балл), Келгин куштар өтө бийик учканда алардын кайсы куштар экендигин так аныктоо кыйынчылык жаратат (1 балл). Жалпы 2 балл берилет. Эми айрым окуу китептерден мисалдарды келтирели. Эстония учурда PISA эл аралык баалоосу боюнча Европада биринчи орунда турат. Эмне үчүн Эстония ушундай ийгиликтерге жетип жатканын билүү максатында окуу китептерин алып карап көрдүк.

“Биринчи класстын окуучулары менен мугалим жылдын аягында автобус менен экскурсияга чыгууну чечишти. Мугалим бир нече жерди сунуштады. Кантип чечим кабыл алуу керек?” [8, 43-б.]. Китепте Эстониядагы 4 белгилүү жердин (Хаанья, Паламусе, Таеваскоя, Нарва) сүрөтү коюлган. Плакатта бул жерлердин баш тамгасы жазылып, балдардын номери коюлат. Ар бир бала оюн негиздеп, плакатка белги коет.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Бул эмне берет? Биринчиден, автобус менен бара турган жерди изилдеп чыгуу керек, экинчиден, көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алуу зарыл.

Мына турмуш, жашоо менен байланыш! Бул китеп “Математика биздин айланабызда” деген сүрөттөр менен башталат. Китептин мукабасынын акыркы бетинде “Геометриялык фигуралар” деп, үйлөрдүн, машиналардын, дарактардын сүрөттөрү берилет. Китептеги дагы бир тапшырмада 3 кабат үйдүн 4 сүрөтү берилет, терезелер ак болуп турат. Тапшырма “Жарык болгон терезелерди сарыга бое” деп турат. Алгачкы 3 сүрөттө жарык болду деген тапшырмалар, акыркы сүрөттө жарык өчтү деген тапшырма. Бирок аларды кантип аткаруунун так көрсөтмөсү берилбейт, бала өзү табышы, аткарышы керек [8, 26-б.].

Эгерде жарык өчкөн терезе кайра күйсө эмне болот, кантип боейт?.. Бул тапшырмалар турмуш менен байланышкан жана аны чечүү үчүн тапкычтык, чыгармачылык талап кылынат.

Учурда кыргыз мектептери колдонуп жаткан 1-класстын математика окуу китебинде мындай тапшырмалар бар.

“Бардыгы болуп 20 адам бар, алардын 12си кыздар. Канчасы эркек бала, канчасы эркек киши жана канчасы аялдар болушу мүмкүн?” [9, 29-б.].

“7 саны 0 менен 10дун арасында. 15 саны 10 менен ____ санынын арасында” [9, 57-б.]. Албетте, эскиче окуп, жаңыча ой жүгүртө албасак, бул эсептерди эч качан чыгара албайбыз. Анткени биз бир так жоопко көнгөнбүз. Бул жерде билимдин турмуш менен байланышына, жооптордун вариативдүү болуусуна өзгөчө көңүл бурулат. Анткени турмушта ар кандай маселе варианттар менен чечилет эмеспи.

**Өзүмдү таанып өзгөрдүм.** 12 жылдык билим берүүнүн негизги артыкчылыктарынын бири адамдын эмоциясына, инсандык сапаттарына көңүл буруу болуп саналат. Эмоциялык-инсандык компетенттүүлүктө өзүн таануу, өзүн өнүктүрүү, өзүн тескөө өзгөчө орунда турат. Бүгүн өзүн таануу аркылуу ар бирибиз ийгиликтүү жана бактылуу боло алабыз! Бул ийгиликтерге 12 жылдык билим берүү менен алек болуп жатып жетише алдым деп айтсам болот.

***Корутунду.*** “Алтын Казык” программасы, 12 жылдык билим берүү окуу жылын, баланын окууну баштаган жашын гана өзгөртпөстөн, эң негизгиси анын алып жаткан билими турмуш менен тыгыз байланышта болуп, баланын жашап кетүүсүнө жардам берет жана баланын эмоционалдык абалына, инсандык сапаттарынын калыптанышына басым жасап, анын ийгиликтүү жана бактылуу болушун шарттайт.

***Адабияттар:***

1. Мамытов А. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин жаңыча баалоо / А. Мамытов // Эл агартуу. – Б.; 2026. – №1
2. Токтомаметов А. Өзүмдү таанып өзгөрдүм / А. Токтомаметов. – Б., 2026. – 95-б.
3. “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу, КР Президентинин №369 жарлыгы (18.12.2024)
4. “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” концепциясы, КР Президентинин №1 жарлыгы (29.01.2021)
5. “Кыргыз жараны” концепциясы, КР Президентинин №39 жарлыгы (13.11.2020)
6. “2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны бекитүү тууралуу” КР Президентинин №303 жарлыгы, 30.08.2022.
7. Токтомаметов А. Мугалим жана баалуулуктар же заманбап мугалим кандай болушу керек / А. Токтомаметов // Эл агартуу. – Б., 2025. – №5-6
8. Математика окуу китеби, 1-класс, 1-бөлүк / Тийна Лыхмус, Малле Сакс. – Avita басмаканасы .
9. Математика иш дептери, 1-класс / Кристина Сох, Челви Рамакришнан. – “Окуу китеби” басма үйү. – Б.: 2025. – 144 б.